DOI:10.33942/sit042244 **УДК 699.841**

# ИССЛЕДОВАНИЕ ЖАНРОВ САТИРЫ И ЮМОРА ПОСЛЕ ОБРЕТЕНИЯ НЕЗАВИСИМОСТИ

**Борбучалова Б.Ж.**
*Бишкекский Государственный Университет им.К.Карасаева, старший учитель,*

***Аннотация.*** *Эта статья посвящена жанру сатиры и юмора после обретения независимости исследованиям. Сатира и юмор после обретения независимости актуальность, цели и задачи изучения жанра пример взят из. Развитие сатиры и юмора, состояние после обретения независимости,этап развития предусмотрен в литературе. Кыргызстан после обретения независимости впоследствии место расцвета жанра сатирической литературы было пересмотрено проблемы были предложены. Сатира и юмор после обретения независимости основные проблемы формирования анализируются и по нескольким критериям показано. Изучение жанра сатиры и юмора, этапы которого проблемные вопросы написаны.*

***Ключевые слова:*** *юмор, сатира, суверенитет, кыргызская литература, демократия,поэт, произведение.*

# ЭГЕМЕНДҮҮЛҮКТӨН КИЙИН САТИРА ЖАНА ЮМОР ЖАНРЫНЫН ИЗИЛДЕНИШИ

**Борбучалова Б.Ж.**
*К.Карасаев атындагы гуманитардык университети, улук окутуучу,*

***Аннотация.*** *Бул макала эгемендүүлүктөн кийин сатира жана юмор жанрынын изилденишине арналат.Эгемендүүлүккө жетишкенден кийин сатира жана юмор жанрынын изилденишинин актуалдуулугу, максаттары жана тапшырмалары мисалга алынган. Сатира жана юмордун өнүгүшү, эгемендүүлүктөн кийинки абалы, адабияттардагы өнүгүү этабы каралган. Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин сатира адабият жанрынын дүркүрөп өсүшүнүн орду каралып негизги маселелер сунушталган. Эгемендүүлүктөн кийин сатира жана юмордун калыптануусундагы негизги маселелер талданып жана бир нече критерийлер менен көрсөтүлгөн. Сатира жана юмор жанрынын изилдениши, этаптары аткарыла турган көйгөйлүү маселелер жазылган.*

***Ачкыч сөздөр:*** *юмор, сатира, эгемендүүлүк, кыргыз адабияты, демократия, акын, чыгарма.*

# GENRE OF SATIRE AND HUMOR AFTER INDEPENDENCE

**Borbychalova B.J.**
*Bishkek Humanitarian University named after K. Karasayeva, senior teacher*

***Abstract.*** *This article is a post-independence genre of satire and humor. dedicated to research. Relevance, goals and objectives of studying the genre of satire and humor after gaining independence the development of satire and humor, its status after gaining independence, the stage of development in literature are considered on the example. After Kyrgyzstan gained independence, it is important to take into account the site of the rapid growth of the satirical literary genre. Questions are presented. Satire and humor after independence. The main issues in the formation are analyzed and identified according to several criteria. Exploring the genre of satire and humor, steps to follow problem questions are written.*

***Keywords:*** *humor, satire, independence, Kyrgyz literature, democracy, poet, work.*

**Киришүү.** Эгемендүүлүктөн кийин коомдук бардык тарабында сынчыл ой жүгүртүү күч алды. Мурда болуп өткөн бардык көрүнүштөрдү жактырбоо, эгер турмушта эмне жаңылыштык кетсе анын баарын кулаган бийликтен көрүү сыяктуу, аны жетекке алган инерциялык күчтөр коомдук-социалдык чөйрөдө пайда болду. Үзгүлтүксүз келе жаткан адам баласынын жашоосу совет бийлигинин орношу менен ордунан башка жакка жылып кеткендей таасир менен жазылган ар түрдүү үлгүдөгү чыгармалар бул жылдары байма-бай жарыяланышы сатиралык ой жүгүртүүгө бай, анын бардык жанрларын колдонгон чыгармалар да мезгилдүү басма сөздө жетиштүү эле жарык көрдү десек болот. Анткени мурда ачык айта албай келген түрдүү кубулуштарды, өзгөчө эл арасындагы терс көрүнүштөрдү ачыкка чыгарган чыгармалар мезгилдүү басма сөздө кандай жарыяланса, театрларда куудулдар пайда болуп, алар да одоно көрүнгөн тигил же бул кубулушту күлкүгө айландырууга киришти. Теле берүүлөр да мындай чыгармачылыктан тышкары калган жок. Андай ыңгайлуу шарттардын түзүлүшү менен сатиралык чыгармалардын жана жумшак юморлордун кыргыз адабиятында орун алышын маанилүү деңгээлге көтөрүп, анын натыйжасында күлкү тартуулаган сынчыл ой жүгүртүү өзүнө мүнөздүү бардык жанрларынын жандануусуна жол ачып берди. [1]

Мындай кырдаалдын түзүлүшүн бир эле демократиянын келишине байланыштыруу бир жактуу болуп калаары анык, анткени демократиялык түзүлүш тапчыл көз карашты гана жойгону болбосо, бул жылдары элдин турмушу ушунчалык начарлап, анын себептерин ар ким ар кайсы жактан издей баштаса да, жеке тиричилигине канааттанбаган эл бузулуп бара жаткан моралдык, адеп-ахлактык түшүнүктөрүн кайрып алуу үчүн сын пикирлерин сатира аркылуу билдирүүгө, андан алынган туундуларды күлкү менен айтып түшүнүүгө киришти. Ырас, баарынын эле өз оюн минтип билдирүүгө кудурети жетпесе да, социалдык чөйрөдө кездеше калган сатиралык жана юмордук китептерди сатып алуу, куудулдардын театрда аткарган интермедияларын жана концерттерин көрүү үчүн билеттерин алышып, позициясын билдире башташты. Бул жылдары коомго аралаша баштаган рынок мамилесинен алганда элдин минтип моралдык жана материалдык колдоосу сатира менен юмордук чыгармалардын өсүп-өнүгүүсүнө бардык шарттарды түздү. [2]

**Теманын актуалдуулугу жана максаты.** Адабий коомчулукта эле эмес, коомдук-саясий мазмунга ээ көркөм чыгармаларды жарата алган мындай шартта сатира менен юмор карапайым калктын руханий жана маданий керектөөсүн камсыз кылып турганын белгилей кетүүгө тийишпиз. Түпкү мазмунунда карапайым калк үчүн одоно көрүнгөн бардык турмуштук көрүнүштөрдү сындоо, шакабага алуу менен күлкү чыгара алган адабий чыгармалар абдан жетиштүү өнүксө да, кыргыз адабият таануу илими анын ийгиликтери кайсы, кемчилдиктери эмне деген проблемалуу суроолорго жооп издегенге мүмкүнчүлүк таппаганы өкүндүрөт. Ырас ал мезгилде деле кыргыз адабият таануу илими өзүнүн калыптанган иштерин кылып, түрдүү мазмундагы изилдөөлөрүн жүргүзүп тургандыгы

анык. Бирок адабий изилдөөлөрдөн өз баасын алып турууну көздөгөн сатира менен юмордук коомчулуктун алдына коюлган мындай социалдык талабынын аткарылбай калышынын себебин түшүндүрүү кыйын. Балким анын себеби 1990-жылдардан тарта кыргыз жергесине көп түрдүү ой жүгүртүүнүн келиши, андан кыргыздар өздөрү калыптандырган жана социалдык керектөөсү аркылуу жакшы же жаманын аныктаган адеп-ахлактык нормалардан чыгып кеткен категорияларга баа берүү мүмкүнчүлүгүнүн жетишсиздигинен улам маселени кароодо адабият таануу илими артта калгандай таасир калтырат. Бирок адабий процесс мындай окуяларга жаңы жазылган сатиралар аркылуу баасын берип, ушунчалык тездик менен алга жылып бара жаткан коомдон артта калгандарын юморлуу жумшак күлкүгө салып шылдыңдап, ыктуу чыккан чыгармаларды мезгилдүү басма сөз каражаттары менен жайылтып, элидн пикирин өзүнө тартып, керектүүсүн өркүндөтүп турганын жокко чыгара албайбыз.[3] Ал эми изилдөө маселесинин минтип ордунан жылбай калышы адабий чыгармаларды талдоо, адабий процесске баа берүү иштери, мурда толугу менен мамлекеттин көзөмөлү же мекеменин иш пландарына бекитүү жолдору аркылуу аткарылып келгендиктен, өз алдынча бул проблемага киришүүгө эч ким даап аракеттенбей калышы менен түшүндүрүлөт. Бул кыргыз адабиятынын маселелерин изилдеп, караштырууга милдеттүү уюм-мекемелер таптакыр иш аткарбай калган дегенди туюндурбайт. Бул жылдары анда иштеген окумуштуулардын аткара турган иштери абдан эле көп болгон, б. а. алар кыргыз адабиятынын түрдүү маселелерин ар кыл багытта изилдөө менен алектенишип, болуп көрбөгөндөй көлөмдө китептерди чыгарышты. Ал боюнча тактап айтканда кыргыз адабият таануу илиминде иштелип чыккан материалдарга таянып, адабий процесске "өз изин" калтырган таланттардын чыгармачыл портретин түзүү аркылуу академиялык басылма катары "Кыргыз адабиятынын тарыхынын" он томдугун даярдаган болсо, анда да кыргыз сатирасы жана юмордук чыгармалары өз баасын алган эмес. Эгер сатира менен юмордук чыгармаларды объекти катары алып изилдеген иштерге көңүл бура турган болсок, андай изилдөөлөр бир колдун манжалары менен көрсөтүүгө мүмкүн экендигин белгилей кетели.

Андай иштердин биринчиси Г.Э.Мамасалиевага таандык. Анын изилдөөсү соңку жылдардагы кандидаттык иштердин арасынан биринчилерден болуп сатиранын бир жанры тамсилге арналып, анысы окурмандар кеңири таанышуу үчүн өз алдынча китепче катары чыккан. Г.Э.Мамасалиева өзүнүн "История восприятия басенного наследия И.А.Крылов в Кыргызстане" деген темада кандидаттык диссертациясын кыргыз адабият таануу илиминде мурда калыптанган ойлордун таасиринде жазып, кыргыз сатирасы үчүн орустун тамсилчиси кандай шыктандыруу жасаганын көрсөтүүгө аракеттенген. Бул иш алган багыты боюнча да ошол жылдары маанилүү болуп турган маселелерден алыс туруп, кыргыз акындары орус тамсилчисинин адабий-эстетикалык туундуларын өз чыгармаларында кантип өркүндөткөнүн көрсөтүүгө умтулган диссертанттын максатын гана аткара алган. Ал

эми иштин аткарылыш мазмунуна, изилдөөнүн илимий-теориялык деңгээлине келе турган болсок, анда айтылган ойлор, чыккан теориялык жыйынтыктар өткөн кылымда маанилүү концепцияны жетекчиликке алганын көрсөтүп, кыргыз адабиятында пайда болгон тамсилдин мынчалык ийгиликке жетишине И.А.Крыловдун чыгармаларынын таасири “зор экенин” ашыра баяндайт. [4] Ырас, мындай ойлор кыргыз адабият таануу илиминде өткөн кылымдын 30-жылдары башталып, улам кийинки жылдарда өркүндөп, түздөн-түз орус адабиятына “кошомат кылуу” тактикасы менен аткарылган болсо, кыргыз элинин эгемен болушунан кийин бул “аныктаманы” кайталоо стили адабиятчынын канчалык изилдөөчүлүк дарамети бар экендигин айкындап турат. Анткени кыргыз адабиятында сатиралык жана юмордук чыгармалардын классикалык үлгүлөрү жашап, башка элдердин адабиятынан “көчүрүп алууга” эч кандай муктаждык жок экендигине карабастан, улуттук адабияттагы тигил же бул башталманы орус, ал аркылуу дүйнөлүк адабияттан алды деген ой жорумду теориялык аныктама катары ар бир изилдене турган ишке келтире берүү шарттарын адабий-сынчыл иликтөө ишмердүүлүгүнө таңуулоо өткөн кылымда күч алган болсо, бийликтин кысымынан кутулган сөз өнөрү аны практикалык тажрыйбаларга таянып чыгаруусу дал ушул эгемен алгандан кийинки адабият таануу илиминин миссиясы болчу. Ал эми акын-жазуучулардын үйрөнүү, ойду көркөм туюндуруу үчүн эстетикалык табылгаларды өздөштүрүү аракеттерин анын жеке чыгармачыл түйшүгү катары кабыл албастан, көркөм-адабий дүйнө кабылдоонун окшоштуктарынан издөө бүгүнкү күндө акылга сыйбаган көрүнүш катары таасир калтырат. Андай деңгээлде кароо улуттук адабияттын жеке өзгөчөлүктөрүн, ар түрдүү доорлордун изинде калыптана баштаган этикалык нормаларды, алардын негизинде пайда болгон идеалдарды, алардан жаралган эстетикалык туундуларды, анан асылдыкты айырмалоо шарапатында ылгап чыккан таалим-тарбия берүүчүлүк ролуна маани бербегендик болуп саналат. Чынында улуттук адабиятта өз ордун таап, элдин сүймөнчүгүнө айланган ар бир чыгарманын көтөргөн жүгү жанрдын баскан жолун эволюциялык планда кароону, ага ылайык адабий процессте иштелип чыккан мазмундук жана формалык табылгаларын кыргыз көркөм сөз өнөрүндөгү ийгиликтерден алып чыгып, коомго таасир тийгизүүчү күчүнө таянып жанрдык спецификасын аныктоого мезгил жетсе да, анын изилдөө шартында аткарылбай жатышы илимий-теориялык ой жорум канчалык экендигин айкындап турат.[5]

Ырас башка элдердин сатира жана юмордук ойлоо табияты менен салыштыруу, эки элдин ортосунда бул өнөрдү колдонуу чеберчилиги кандай жүргөнүн типологиялык байланышта изилдөө, алардын коомго мүнөздүү жалпылыгын табуу менен бирге, ар бир автордун чыгармачылыгындагы индивидуалдуулугун ачыкка чыгаруу, эгер окшоштук кездешсе, ал кандай объективдүү шарттардан болгонун адабий коомчулуктун алдына көргөзүп берүү азыркы илимий изилдөөнүн алдына коюлган зарыл милдеттердин бири болсо, адабиятчы Г.Э.Мамасалиева муну өз ишинде аткара алган эмес. Ошондуктан анын

диссертациялык иши багытталган көйгөйдүн көрөңгөсүн ачууга аракет кылганы менен коюлган максат маанилүү маселенин өзүн чече албаганын көрүүгө болот. Тактап айтканда кыргыз адабиятындагы тамсил жанрын талдоого алуу аркылуу сатира жана юмор жанрларга таандык бир нече проблеманын башын ачууга мүмкүн болсо да изилдөө ишинин автору көп нерсеге түйшөлбөй эле мурда калыптанып калган "даяр" жол менен кете берүүгө аракеттенген. Жаңы изилдөө иштерин жазууга кыргыз адабият таануу илиминде даярдык жок болгондуктан, анын бул багытта алган "изи" көпчүлүк илимпоздун көңүлүн бурган эмес (алардын өздөрүнүн даярдыгы ошондой эле да). Экинчи жагы проблеманы бир гана ыр түрүндө жазылган чыгармалардын мисалында карагандыктан, улуттук адабиятта сатира менен юмордун өзгөчө формасын түзө алган прозалык чыгармалар талдоодон сырткары калып, ал жерде эмнелер болуп жатканы жөнүндө эч ким эч кандай маалымат албаган.

Коомдо болуп жаткан нерселердин баарына оң же терс пикирин билдирүү аракети кыргыз элинде тээ байыркы замандардан бери жашап, ана аны кандай формада чагылдыруу - уккан адамга таасирдүү болушу мүмкүн экендигин издеп, "керегем сага айтам, келиним сен ук" деген макалдай, түшүнсө каймана, баамдаса кыйыр, сезсе образдуу, толук аңдаштырууга кудурети жетсе какшыктап, анча-мынча туюм болсо шылдыңдап берүү – көркөм образды түзүү жолдорун өздөштүргөн журт кантип эле орустун бир тамсилчисинен баарын үйрөнө калышы бир мезгилде иштелип чыккан "саясатка байлоо" экенин изилдөөгө заман өзгөргөн өзү деле турмушту баамдап түшүнсө болмок. Анткени адабий чыгармачылыкта өзгөчө ойлоо табиятына ээ болгон сатира менен юмор бир күндө эле же бир тамсилчинин таасиринде пайда боло калышы мүмкүн эмес. Чыгарманын идеялык мазмунунда айтылып жаткан ойду ошол турушунда кабыл алуу менен чечилбеген, тескерисинче айтылган ой-пикир түз мааниде эместигин алдын-ала сезип, кеп кылган жерде сөзсүз бөлөк маани жашап жатканын айырмалап түшүнүүчү кырдаал көркөм-элестүү ой жүгүртүүдө бир нече кылымдык жолду басып өтүп анан ушул күнгө келип жеткени талашсыз чындык. Ошол себептен сатира менен юморго кайрылган окумуштуулардын дээрлик көпчүлүгү анын "генетикасы" кадимки жөө жомоктон башталып, өзгөчө мындай чыгармаларды түзүү үчүн адамдын жан-жаныбарлардын аракетин, аткарган иштерин, кыймылда турган мүнөзүн, өзүнө таандык бөтөнчөлүктөрү менен типтүү белгилерин таалим-тарбия берүүчүлүк мазмунда колдоно баштагандан келип чыкканына байланыштырганы маанилүү орунду ээлейт. Ошондуктан, адамзат калыптандырган мындай көркөм ойлоо турмуштун талаптарына жараша өзгөрүп, тиричиликтин ырааттуу системасына баш ийбей, башкаларга кысым көрсөтө баштаган кырдаалды сындап, түпкү турпатын сактап келе жаткан каймана образга айлантып шылдыңдап, бири-бирине таасирин тийгизүүчү шартта келекелөөчү сүрөттөө ыктарын колдонуп, ачуу күлкүгө (сарказм) кабылтып келгени бир күндө боло калбагандыгы анык.

Турмуштан ордун таап, көркөм ойлоонун өзгөчө бир үлгүсүн берүүгө жетиш үчүн сатира менен юмор кадимки пендечиликтин жашоосу менен жашап, ошол турмуштагы көрүнүштөрдү жекече сынга алып, бирок аны тике маанисинде бербей, өзгөргөн маанисинде туюндуруп, көчтүн агымынан адашкан жактарын ашкерелебей туруп күлкүгө салуунун ык-жолдорун издөөдө не бир кылымга тете түйшүктү тартып, андан көңүлгө катуу тийүүчү учурду таап, акыр аягына чейин шылдыңдоо аракеттерин түзө алган. Ал каармандын мүнөзүндөгү кемчиликтерди, жетишпегендиктерди күлкүгө алып, тиричиликтин айрым жашоого жат белгилеринин чыгыш табиятын кошо камтып, жаңылышууга себеп болгон кырдаалдын башында эмне турушу мүмкүн экендигин ачып берүүгө жетишкен көркөм ойлоонун формасы бирдей болбостугун дүйнөлүк адабий практика эбак эле аныктап койсо, кыргыз адабиятында анын улутка тиешелүү өзгөчө белгилери жашай турганын илимий деңгээлде ачып көрсөтүү башы ачылбаган бойдон турат.

Жаңы кылым башында академиялык басылма катары чыккан “Кыргыз адабиятынын тарыхы” деген 7 томдук эмгек кыргыз адабиятынын башка маанилүү маселелери менен катар мына ушул маселелердин башын ачып берүүсү керек болсо, аталган эмгек кыргыз сатира менен юмордук чыгармаларынын теориялык проблемалары жөнүндө бир жерде да ооз ачкан эмес. Ал эми бул маселенин изилденишине кимдер кандай салым кошуп, эмне себептен изилденбей калышына баа берүүчү эмгек 2 томдук болуп, “Кыргыз адабият таануу илими жана сыны” деген аталыш менен академиядан чыгып, окурмандарга сунушталса да, ал өзүнүн алдындагы мындай милдетти сезип койбогону өкүндүрөт. Эгер адабий процесс, анда эмгектен коомчулук сатира менен юмордук чыгармаларды көркөм ой жүгүртүүнүн бир салаасы катары таанып, анын адабиятта кадимкидей орду бар экендигин баалаган болсо 2 томдук “Кыргыз поэзиясынын антологиясы” менен 2 томдук “Кыргыз балдар адабиятынын антологиясында” аталган жанрлар жөнүндө бир ооз маалыматтын берилбегени кепке тартчу маселе кандай деңгээлде экенин ачык туюндуруп турат. Мындай хрестоматиялар дагы жарыяланышы мүмкүн, бирок алардын мазмунунда сатира да, юмор да татыктуу орунга ээ болуу менен башка жанрлардын катарында өзүнчө бөлүм катары жайгашып, аны иликтөөгө алган макалалардын жана бул жанрды изилдөөчүлөрдүн таржымалы тууралуу адабий портреттердин киргизилгени туура деп эсептейбиз. Анткени, азыркы коом ошондой эки тараптуу ойлоону, эмне себептен мындай карама-каршылыктар болуп жатканын, өз ара келишпестиктин мазмуну кайдан кантип көрүнүш мүмкүн экендигин, аны ачыкка чыгарбаса терс көрүнүштөр күчөп кетиши ыктымал болоорун эске салып да турат. [6]

Эгемендүүлүктөн кийин сатира менен юмордун кыргыз адабиятында ээлеген ордун иликтеген эки докторлук диссертацияны айтпай кетүүгө болбойт. Алардын биринчиси К.Исаковдун калемине таандык. Ал өз изилдөөсүндө сатира менен юмордук чыгармаларды

өз алднча карабаганы менен бул эки жанрга тең кыйыр байланышы бар маслеге токтолуп, эл арасында ушул күнгө чейин маанисин сактап келген тамсилдин алкагында бардык маселени чечүүгө аракеттенген. Проблеманын буга чейин ар тараптуу жана толук изилдене электигин эске алып К.Исаков изилдөө темасын “Кыргыз тамсилинин табияты, башаты жана калыптануу процесси” деген аталышта алат. Теманын аталышы билдирип тургандай, караштыруучу иштин иштин мазмуну сатирага таандык тамсилдин табиятын ар тараптуу ачып берүү менен анын калыптануусуна маанилүү роль ойногон жагдайларды толук караштырып, кеп болчу проблема аталган диссертацияга чейин баасын илимий чөйрөдө кандай алганын, буга чейин жазылган илимий эмгектер бул багытта кандай иштерди жасап, эмнеге жетишкенин көрсөтүү болсо, окумуштуу ага жеткиликтүү токтолгон. Аталган эмгекте соңку учурда руханий-маданий, социалдык-экономикалык, коомдук-саясий жагдайда, тарыхый ой жүгүртүүдө бир топ реформалар жүргөндүгүнө, улуттук мурастарга жаңыча мамиле кылуу багытында илимий көз караштардын пайда болгондугуна, демократиянын жана сынчыл позициянын эл турмушуна аралашуусуна байланыштуу ойлор тамсил жанрынын мисалында бир катар мазмунда каралып, керектүү ойлор айтылганы менен андан тышкары бирок талдоо учурунда сөзсүз кеп болуучу сатира менен юмор жанрын таанып-билүүгө карата аткарылуучу иштерге адабиятчы токтолгон эместигин бул жерде белгилеп коюуга тийишпиз.[7]

Маселеге кайрылган окумуштуулардын баары сатира менен юмор коомдук аң сезимдин бир түрү экенин эске алышса да, анын ушул касиети аларды адабияттын бардык жанрларда орун алып, көркөм ой жүгүртүүнү бир формасы болушу менен өзүнчө мамиле кылууга кимди болбосун аргасыз мүмкүн экендигинин табияты эмне менен түшүндүрүлө турганын унутта калтырышкан. Эгер маселеге ушул өңүттөн карай турган болсок, ал ойду окурманга жеткирүү ыгынын бири катары кара сөздүн бардык түрүндө - романдарда, повесттерде жана аңгемелерде кандай колдонулса, лирикалык мүнөзгө ээ поэмаларда, ырларда деле ошондой касиетин сактоо менен кездеше берет. Мындай белги сатирага мүнөздүү келип, коомдогу терс көрүнүштөрдү күлкүгө айландырыш үчүн түрдүү ыктарды жанрдын чоң же кичине формасына карабастан ишке ашыра алат. Юмор менен сатиранын мындай кесиети коомдук турмуштагы жана жеке адамдын жашоо-тиричилигинде учураган терс жактарга аёсуз күрөш жарыялап, комедиялуулуктун өтө курч түрлөрүн колдонуу аркылуу катуу сынга алып, турмуштук кырдаал көрсөткөн окуялардагы кемчиликтерди көркөм чыгармачылык менен кайталабай турган абалга келтирет. Маселен мындай сапаттык белги романда, повестте, ал тургай майда аңгемеде боло турганын эске алсак, сатира менен юмор ар башка жанрларда жана түрлөрдө болушу мүмкүн деген ойлордон тышкары, бул ык-усулдун өзүнчө кеңири иштелип чыгышынан улам ошол чыгарманын өзү “сатиралык” же “юмордук” деп аталып калышына да жол ачып берет. Ал эми мындай белгилерине карап бир эле прозалык чыгармаларды айтпай турганы кандай белгилүү болсо,

анын андай сапаттарына таянып драмалык чыгармаларды, лирикалык ырларды да “сатиралык” же “юмордук” деш иштелип чыккан теориялык ойлорго жаңы мазмун берүү мүмкүн көрсөтүп, анын айырмаланган түрү боюнча жанрды атоого алып келип, анын кандайча өздөштүргөндүгүн тактоо менен бул жанрлардын бар же жок экендигин көрсөтүп берүү зарылдыгын күн тартибине коюуда. Буга чейин айтылып көз караштар адабият таануу илиминде мына ушул маселенин өзгөчө белгилери эмне экенин, анын кандай мазмунда болушу чыгарманы жанрга ээ кылып, кайсы белгилер жүзөгө ашпай калса жанрдык касиетке калышы мүмкүн экендигин жеткиликтүү түшүндүрө алышкан эмес, ошондуктан проблеманын адабиятчылар тарабынан кайрадан кепке тартылышы деле суроого жооп берип жабербептир. Адабий жанрдын баалуулугу, чыгарма үчүн аткарган кызматы дал ушул сыяктуу суроолорго так бергенине жараша элге алына тургандыгын көрсөтүп, анын тарыхый баскан жолун да мына ушул категориялар аркылуу аныктоо мүмкүнчүлүгү бар экенин улам мезгил өткөн сайын адабиятчыларга түшүндүрүп келет.

Ырас, илимий-теориялык ойлор совет доорунда сырттан “көчүрүлүп” келгендигине карабай, иштин маңызын ачууда сөзсүз түрдө ошол жанрдын практикада колдонулушуна карай аныктамасын берүүнү окумуштуулардан талап кылганын жокко чыгаруу анын азыркы учурдагы талаптары менен эсептешпеген кырдаалды пайда кылат да, бышып жетилген маселени атайын көз жаздымда калтыргандык катары эсептегенге шарт түзөт. Учкай айтылып жаткан маселенин мындай өзгөчөлөнгөн белгилери адабиятчылар тарабынан буга чейин системага салынбаса, көп түрдүү ой жүгүртүүнүн талаптарынан улам акырындап, өз кызыкчылыгын ортого чыгарып, совет доорунда иштелген теориялык аныктамаларга жеке кошумчасын киргизип, талдоого алынуучу көрүнүштү зарылдыгына өзгөртүп келет. Анткени аны жокко чыгаруучу кырдаал адабий-теориялык ойлорду түзүүдө улуттук адабиятта классикага айланган эмгектерге таянып, алардын улуулугу кантип түзүлгөнүн ачып түшүндүрүүнүн негизинде кепке тартылуучу мисалдарды келтирип, ошол эле мезгилде анын башка адабияттардан айырмаланган адабий-көркөм дөөлөтү бар экенин илимий деңгээлде негиздеп чыгуу өзгөчө бир багыт болуп көрүнөт. [8]

**Изилдөөдөгү жыйынтыктар**. Кыргыз эли тээ байыркы замандардан бери эле өз жашоосун түзүп, ага ылайык маданиятка ээ болуп, салт-санаасын калыптандырып ушул күнгө келген болсо, ал бүгүн да өзүнүн уникалдуулугу менен бөлөк элдерди таң калтырган үлгүлөрүн көрсөтүүгө жетишсе, ошондой эле аны көргөндөрдүн баары андай чыгармаларга суктана алса, демек кыргыз эли жоготпой жүргөн жанрлардын бардыгынын өзүнө таандык классикалык мазмуну менен формасы бар экенин сездирип турат. Эгер башка учур болсо мындай ойду айтуу мүмкүн эмес болчу. Өлкөнүн эгемендүүлүккө ээ болушу бардык илимий ой жүгүртүүнүн табиятын жаңылагандай эле кыргыз адабият таануу илиминде сапаттык жаңы белгилер болушун талап кылып, ал өзү менен бирге улуттук адабиятка тиешелүү эстетикалык баалуулуктардын өздүк касиеттерин жеткире түшүндүрүүгө ар

тараптуу карап, маселеде алешем кеткен “актай” жерлерге баасын берүүн аны караштыруучу илимге жүктөп берүүдө. Мындай ойлор улуттук адабий дөөлөттөрдүн ордун туура көрсөтүүгө, бирок ага ашыкча баа берип популизмге алдырбоого да чакырык таштайт. Анткени кыргыз адабияты жер үстүндө автономдуу жашабагандыктан, кайсы жанрдын болбосун өсүшү үчүн аябагандай чоң стимул жараткан факторлорду зарылдыгына жараша кепке тартып, ошол эле мезгилде туруктуу өнүгүп келе жаткан адабий жанрлардын өздүк табиятын бөлүп көрсөтүү милдети да азыркы адабият таануу илиминин негизги маселеси болууда.[9]

Бул аспектиден алып караганда, илимий тактык, аргументтүүлүк, объективдүүлүк, индивидуалдуулук жана жалпылык деген түшүнүктөр көңүл борборунда турушу абзел. Кандай болгон күндө да, тарыхый чындык менен көркөм чындыктын ортосундагы карым-катыш, реалистик чен-өлчөм бекем сакталышы шарт. Өздөрү жашап турган коомдун ак-карасын, жакшы-жаманын айырмалап көрсөтүү байыркы элдик адабияттын үлгүлөрүнөн тартып бүгүнкү профессионалдык адабияттын арааны жүргөн мезгилде да өз функциясын талыкпай өтөп турууга тийиш. [10]Ошондуктан кыргыз адабиятындагы сатира менен юморду жанр катары алып чыгууда, алардын жанр катары “күүгө келип” калыптануусунда, эгер жанрдык даражага жетпей калган болсо, андай кемчилдиктерин чыгыш себептерине баа берүүдө адабий сын менен адабият таануу илими аткара турган милдеттердин башкысы улут иштеп чыккан адабий көрөңгө кантип өнүгүп жатканын туура көрсөтүү маселесин ачык коюуда.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ:


1. ***Алыбаев,Ж.*** *Тандалмалар (Текст) / Ж.Алыбаев.-Б.,1993.-432б.*
2. ***Бапаев, Х.*** *Развитие кыргызской советской сатиры : автореф.дисс ... канд.филол.наук:10.01.03 Х.Бапаев.- Фрунзе, 1964.-20.*
3. ***Бапаев, Х.*** *Кыргыз сатирасынын табияты Фрунзе: Кыргызстан, 1971.-144с.*
4. ***Бапаев , Х.*** *Кыргыз сатирасынын айрым маселелери: адабий сын макалалар. Фрунзе: Кыргызстан,1981.-128 б.*
5. ***Даутов, К.*** *Мезгил сыны жана мен:тандалмалар (текст) Даутов.-Бишкек,2004.-524б.*
6. ***Токомбаев,А.*** *Жапалак Жатпасов тууралуу бир-эки сөз (текст) А.Токомбаев // Кызыл Кыргызстан.-1936.-24-декабрь.*
7. ***Озмитель, Е.К.*** *Заметки с сатирической литературе в Киргизии (текст)/ Е.К.Озмитель// Литературный Киргизстан.-1956.-№5.*
8. ***Садырбаев, Д.*** *Визитка: ыр куржундан чачыла (Текст) / Д.Садырбаев.-Бишкек,1992.-80б.*
9. ***Самудинов,Т.*** *Эпиграммалар, пародиялар (Текст) / Т.Самудинов.-Бишкек,2008.-216б.*
10. ***Алыбаев,Ж.*** *Тандалмалар (Текст) / Ж.Алыбаев.-Б.,1993.-432б.*